**02-064-2024-000944-01-001-**

## **ТОКТОМ** / ПОСТАНОВЛЕНИЕ
### **кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү** / об отказе в возбуждении уголовного дела

Бакай-Ата айылы 17.11.2024-ж.г.

Бакай-Ата РИИБнүн Тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын кенже лейтенанты Тынысов И.У., 17.11.2024-жылы Бакай-Ата РИИБдин МЭЖне 02-064-2024-000944 сандуу материалды карап чыгып,

### **АНЫКТАДЫМ** / УСТАНОВИЛ:

17.11.2024-жылы саат 12:46да Бакай-Ата РИИБдин МАЫӨү милициянын кенже лейтенанты З.Асылбековдун телефон аркылуу билдирүү кылып, анда 2024-жылдын 17-ноябрында саат 12:38 чамасында Өзгөрүш айылындагы №6053 шайлоо участогундагы медайым Эсенбаева Гулнара Турусбековнага шайлагыла деп визитка таркатып жаткан жеринен кармалганын билдирген.

17.11.2024-жылы аталган билдирүү Бакай-Ата РИИБдин маалымат электрондук журналына 02-064-2024-000944 саны менен катталып, Бакай-Ата РИИБдин Тергөө-ыкчам тобу тарабынан жеринен текшерүүдө төмөндөгүлөр аныкталган.

Бакай-Ата районунун Өзгөрүш айылындагы Кашка-Жол орто мектебинин эски имаратындагы № 6053 шайлоо участогунда саат 12:30 чамасында кызмат өтөп жаткан Өзгөрүш айылындагы Үй-бөлөлүк даарыгерлер тобунун мээрманы 04.03.1969-жылы туулган Көчөрбаева Дарика Мырзакуловна, шайлоо участкасынын төрайымы Г.Эралиевадан батага барып келемин деп суранып ак халатын чечип кеткенинен улам, анын ордуна Кашка-Жол орто мектебинин математика мугалими 27.02.1972-жылы туулган Эсенбаева Гулсара Турусбековна мээрмандын халатын кийип, шайлоого добуш берүүгө келген шайлоочуларга Г. Эсенбаева өзүнүн бир тууган синдиси, Биримдик айыл өкмөтүнөн жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, № 18 катталган 16.07.1974-жылы туулган Эсенбаева Гулнара Турусбековнага добуш берип коюуга деген атайын ак кагазга кесилип жасалган үгүт кагазын тараткандыгы аныкталган.

Жеринен текшерүү учурунда Г.Эсенбаеванын жанынан беш даана “№ 18 Эсенбаева Гулнара Турусбековна” деген жазуусу бар, узундугу 9,5 см. жана туурасы 3,5 см. көлөмдөгү үгүт материалы алынып, кароо жүргүзүлдү.

Тергөөгө чейинки текшерүү учурунда Өзгөрүш айылындагы Үй-бөлөлүк даарыгерлер тобунун мээрманы Д.Көчөрбаева көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 17-ноябрында медициналык кызматкер катары Кашка-Жол

орто мектебинин эски имаратындагы № 6053 шайлоо участогунда кызмат өтүп жатканын, саат 12:00 чамаларында шайлоо участкасынын төрайымы Г.Эралиевадан батага барып келемин деп суранып, кийип жүргөн халатын олтурган столго калтырып кеткендигин, анда анын оордуна Кашка-Жол орто мектебинин мугалими Эсенбаева Гулсара убактылуу олтуруп турайын деп суранып, олтуруп тургандыгын, халатын кийип турууга эч кандай уруксат бербегендигин көрсөткөн.

Текшерүү учурунда, Кашка-Жол орто мектебинин математика мугалими 27.02.1972-жылы туулган Эсенбаева Гулсара Турусбековна көрсөтмөсүндө, 1998-жылдан бери Кашка-Жол орто мектебинде математика мугалими болуп иштеп келээрин, бир тууган синдиси Эсенбаева Гулнара Турусбековна №6053 шайлоо участкасынан жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер болгонун. 2024-жылдын 14-ноябрында саат болжолу менен 15-00 чамасында синдиси Эсенбаева Гулнара Турусбековна "ага Өзгөрүш айылынан көчөдөн жолугуп жааматына (кошуналарына) шайлоо үгүттөө иштерин (агитация) жүргүзүп бер деп суранганын, ал макул болгонун, анан 6 даана "№18 саны Эсенбекова Гулнара Турусбековна"- деп жазылган жазуусу бар ак кагаздарды алганын, ага эч кандай акча каражатын бербегендигин.

2024-жылдын 17-ноябрында жергиликтүү кеңештин депутатарынын шайлоо учурунда Кашка-Жол орто мектебинде №6053 шайлоо участкасына шайлоо үчүн барганын, ал жерден добуш берип чыгып, мектептин тосмосунун жанынан мед. айым Дарика эже халатымды кийип ордума убактылуу отуруп турчу батага барып келейин деп айтканынан улам, ал макул болуп, мектептин коридорунда отурганын, бир бей тааныш аксакал өтүп бара жаткан экен ордунан туруп саламдашып чөнтөгүмдөгү №18 Эсенбаева Гулнара Турусбековна деп жазылган ак кагазды берген учурда белгисиз жаран аны колунан кармап, алдыда УКМК кызматкеримин деп өзүн тааныштырып, милиция жана айыл өкмөтү менен бргеликте келип чөнтөгүңүздөгү кагаздарды алып чыгыңыз деп, анын жанынан жалпы 5 даана "№18 Эсенбаева Гулнара Турусбековна" деген жазуусу бар атайын компьютерге жазылган ак кагаздарды алышып, жыйынтыгында АКТы түзүшкөндүгүн көрсөткөн.

Тергөөнүн жүрүшүндө, Бакай-Ата районунун Биримдик айыл аймагы боюнча Биримдик айыл кеңешине 21 мандат берилип, анын ичинен Өзгөрүш айылына 7 мандат, Кен-Арал айылына 4 мандат, Ак-Дөбө айылына 4 мандат, Кызыл-Чарба айылына 4 мандат жана Кызыл-Сай айылына 2 мандат берилгендиги, Биримдик айыл аймагынан жергиликтүү кеңештигинин депутаттыгына 48 талапкер, анын ичинен Өзгөрүш айылынан 18 талапкер көрсөтүлүп, Эсенбаева Гулнара Турусбековна 18 талапкер болуп катталгандыгы аныкталган.

Г.Эсеналиева өзүнүн бир тууганы, Эсенбаева Гулнара Турусбековнанын жергиликтүү кеңештин депуттатыгына шайлоодон өтүүсүнө, башка талапкерлерден артыкчылык алып берүүнү көздөп, атайын үгүт материалдарын таркаткан.

Жыйынтыктап айтканда тергөөгө чейинки текшерүүдө Г. Эсеналиеванын кыймыл аракетинде кылмыштын курамы байкалган жок,

ошол эле Аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан ыйгарым укуктарынын негизинде кароо материалдын көчүрмөсү жөнөтүлүүгө жатат.

**Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып** / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики,

**ТОКТОМ КЫЛДЫМ** / ПОСТАНОВИЛ:

1.Бакай-Ата РИИБдин Маалыматтардын электрондук журналына 02-064-2024-000944 сандуу болуп катталган материал боюнча кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу, кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.

2.Материалдын көчүрмөсү Аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан ыйгарым укуктарынын негизинде кароо үчүн жөнөтүлсүн.

3.Токтомдун көчүрмөсү Бакай-Ата районунун прокуроруна маалымат иретинде жөнөтүлсүн.

**Тергөөчү** **Тынысов И. У.**